| | | | |
|---|---|---|---|
| | коопсуздугунун абалына мониторинг жүргүзүү механизмдеринин жана жол-жоболорунун болушу | 1.Жыл сайын окуу жылына карата мектеп мекеменин жылдык иш планы түзүлөт. Жылдык иш план педагогикалык кеңешмеде талкууланып бекитилет.<br>2. Мектеп мекеменин жылдык иш планынын негизинде предметтик секциялардагы предметтер боюнча окуучулардын билим сапатына жана өздөштүрүүсүнө баалоо жүргүзүлөт.<br>3.Билим сапатын камсыздоо максатында ар чейрек ичинде жылдык иш пландын негизинде мекеменин буйругу чыгып, белгиленген предметтер боюнча текшерүү же мониторинг жүргүзүлөт.<br>Текшерүү учурунда төмөнкүлөр каралат:<br>а) Предмет боюнча мугалимдин квалификациясынын шайкеш келиши;<br>б)Предметчи мугалимдин сабак өтүү чеберчилиги, окуучуларга теманы жеткире алышы жана кайтарым байланышы;<br>в) Тест же жазуу иштеринин жыйынтыгы;<br>г) Предмет мугалиминин иш кагаздарынын талапка жооп бериши, жазылган күндөлүк планы окуу программасына башкача айтканда мамлекеттик стандартка дал келиши.<br>5. Предметтер боюнча текшерүүнүн жыйынтыгы же мониторинги кезектеги Педагогикалык кеңешмеде каралат.<br>Мектептин билим берүү программасынын ишке ашырылышын, натыйжалуулугун анализдөө, баалоо жана мониторингдөө маселелерин системалуу жолго салуу максатында «**Мектептин билим сапатын баалоо, мониторингдөө боюнча жобосу»** иштелип чыккан. Жобонун негизинде окуучулардын билим сапаты, жетиштүү индикаторлору, кызыкдар тараптардын билим берүү процессине жана программасына канааттангандыгы аныкталат.<br>**Мониторингдин максаты** болуп мектептеги билим деңгээлин аныктоо, контоīролдоо жана диагностикалоо системасын түзүү болуп саналат. Мектептин билим сапатына таасир берүүчү айрым өзгөрүүлөрдү киргизүүнү жана ага байланыштуу чечимдерди кабыл алууну, билим сапаты жөнүндө так маалыматты коомчулукка жеткирүүнү камсыз кылат.<br>Окуучулардын жетишкендиктери, окуу жүктөмдөрү боюнча маселелер | Текшерүү жөнүндө буйрук тиркелет<br>«Мектептин билим сапатын баалоо, мониторингдөө боюнча жобосу» педагогикалык кеңеште каралган, бекитилген.15-январь,2018-жыл<br>Календардык, күндөлүк пландар<br>17-тиркеме<br>Тест же жазуу иштеринин жыйынтыгы тиркелет. |